**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КУСЕЙИН КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.20.616 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

***Кол жазмаукугунда***
***УДК:821:512154 (043)***

**САГИДАЕВА САЛТАНАТ АРИПОВНА**

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨНҮН ЭТАПТАРЫ (40–80-ЖЫЛДАР)

10.01.01 – кыргызадабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасынизденипалууүчүнжазылгандиссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2020**

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Манастаануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Үкүбаева Лайли**
филология илимдеринин доктору,
Кыргыз-Түрк Манас университетинин
гуманитардык факультетинин
деканы,..................................................профессор

**Расмий оппоненттер:** **Кадырманбетова Айнура Күмөновна**
филология илимдеринин доктору, доцент,
КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий кызматкери

**Устабаева Гульнар Карыпбековна**
филология илимдеринин кандидаты, доцент,
К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик
университетинин филология факультетинин
Мамлекеттик тил кафедрасынынокутуучусу

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик
университетинин Мамлекеттик тил жана
маданият институтунун кыргыз адабияты
жана окутуунун технологиялары кафедрасы
дареги:720033, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а.

Диссертация 2020-жылдын 25-декабрь, саат 13.00дө КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.10.20.616 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот, дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борборлоштурулган илимий китепканасынан (720071,Бишкек ш.,Чүй просп., 265а), Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин китепканасынан (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547),К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканасынан (722044, Бишкек ш.,Тынчтык просп., 27) жана Диссертациялык кеңештин www.sovet.aytmatov.tk сайтынан таанышууга болот.Онлайн коду: 647-681-3246.

Автореферат 2020-жылдын «24» ноябрында жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты Ыйсаева Н.Т.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Адабияттын тарыхын изилдөө – адабият илиминдеги негизги маселелердин бири. Адабияттын тарыхы так жазылмайынча, көркөм сөз өнөрүнүн пайда болуу өнүгүү процессин толук көз алдыга келтире албайбыз.

Кыргыз адабиятынын көптөгөн проблемаларын, асыресе анын тарыхын изилдөө иши XX кылымдын кыркынчы жылдарынан тартып системалуу түрдө колго алына баштаган. Ал эми кыргыз адабияты жаралган алгачкы мезгил, т.а 20-30- жылдардагы адабий процесс тууралуу алгач обзордук макалалар жарык көргөн. Бул ишке алгач аралашып, адабият майданындагы жаңылыктарды, ийгиликтерди биринчилерден болуп, кыргыз журтчулугуна тааныштырууга аракет кылган адабиятчы, жазуучуларыбыздын макалалары: [Токомбаев, А. Тунгуч съездге карата [Текст] // Кыргыз кеңеш адабияты. – 1934. – №2;Рахматуллин, К. Улут адабиятынын гүлдөшү [Текст] // Советская Киргизия. – 1936 – 6-июнь; Элебаев, М. Жаш жазуучулар тууралуу [Текст] // Ленинчил жаш. – 1938. –10-март; Үмөталиев, Т.Кыргыз адабиятынын өсүшү [Текст] // Кызыл Кыргызстан. – 1939.– 11-март; Жакишев, Ө. Кыргызстандын адабияты жана искусствосу [ Текст]// –Советтик адабият жана искусство.– 1941.–№1,2.] адабиятыбыздын тарыхын изилдөөдөгү алгачкы карлыгачтар болушкан.

Кыргыз адабиятынын тарыхын атайын изилдөөнү максат кылган эмгектер 1940-жылдардан кийин жазыла баштаган. [Кыргыз адабиятынын очерктери [Текст] / – Фрунзе: Кыргызмамбас, –1943. – 279 бет; Богданова,М. Киргизская литература [Текст] / –Москва: Советский писатель, –1947. – 289 стр.; Керимжанова, Б. Кыргыз совет адабияты 25 жылда [Текст] / – Фрунзе: Кыргызмамбас, –1951. – 179 бет.]

Бул багыттагы иштер 60-80-жылдарда андан ары уланган, натыйжада [Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки [Текст] – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас,–1960.–511бет; История киргизской советской литературы [Текст] – Москвва: Наука, –1970.–.540 стр.]аталыштагы эмгектер жарык көргөн. Жогорудагы аталган эмгектер адабий фактыларды камтуу, жалпылоо, изилдөө деңгээлдери боюнча негизинен өз мезгилинин талаптарына жооп берген деп айтсак болот. Албетте, улуттук адабиятыбыздын тарыхынын байып, жанрдык-стилдик жактан көп түрдүүлөнүп, профессионалдык деңгээлинин көтөрүлүүгө багыт алышы аталган эмгектердин жаралышына түрткү болгон десек болот.

XX кылымдын 60-жылдарында илимде илимий-теориялык даярдыктары бар адис окумуштуулардын көбөйүшү менен улуттук адабияттын тарыхын изилдөө маселеси дагы активдешкендиги байкалат. Ушундан улам жеке авторлор тарабынан кыргыз адабиятынын жаралыш жана өнүгүш тарыхын, адабий жанрлардын өнүгүү эволюциясын, адабияттын теориялык маселелерин изилдеген көптөгөн окумуштуулардын илимий эмгектери, монографиялары жазылды: К.Асаналиев, А. Садыков, К.Артыкбаев, М.Борбугулов, К.Бобулов, Б.Маленов, Е.Озмитель, С.Жигитов, Ш.Үмөталиев, Т.Аскаров, К.Укаев ж.б. эмгектери.

XX кылымдын 80-жылдары адабиятчы К.Артыкбаевдин ЖОЖдордун студенттери үчүн жазылган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982) окуу китеби чыкты. Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынан авторлор жамааты тарабынан даярдалып, эки томдон турган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1987,1990) жарык көрдү. Демек, ушул материалдардан көрүнүп тургандай, кыргыз профессионал адабиятынын жаралуу, калыптануу, өнүгүү тарыхына арналган эмгектер көп, бирок алар бүгүнкү күнгө чейин атайын системалуу түрдө концептуалдуу иликтенбей келет. Азыркы учурда коомдук-тарыхый шарттардын өзгөрүүсү менен адабий-эстетикалык критерийлер да өзгөрдү. Ошондон улам адабияттын тарыхына байланыштуу жазылган эмгектерди кайрадан көздөн кечирип,бүгүнкү күндөгү адабияттаануу илиминин жетишкендиктерин эске алуу менен аларды ар тараптан иликтөөгө алып, аларга объективдүү баа берүү учурдагы адабият илиминин актуалдуу маселеси болуп турат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий иштер менен болгон байланышы.** Диссертациянын темасы КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун улуттук адабият тарыхын изилдөөгө багытталган негизги илимий –изилдөө иштери менен жана Ж.Баласагын атындагы КУУнин илимий-изилдөө планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты.**XX кылымдын 40–80-жылдар аралыгындагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналган илимий эмгектерди:

1. Системалаштыруу жана алардын өнүгүү жолун иликтөө;
2. Ар бир мезгилде жаралган эмгектердин илимий-теориялык деңгээлине, материалдарды камтуу мүмкүнчүлүгүнө сереп салуу;
3. Ал эмгектерде сөз болгон адабий чыгармалардын көркөм-эстетикалык сапаттарына карата айтылган пикирлерди анализдөө;
4. Конкреттүү анализ жүргүзүүнүн негизинде ал эмгектердин адабиятыбыздын тарыхын изилдөөдөгү ордуна, жалпы эле улуттук адабияттаануу илимибизге кошкон салымына баа берүү;

Бул максаттарды ишке ашырууда төмөнкү **милдеттер** коюлду:

1. Улуттук адабияттаануу илимибизде 1920–30-жылдарда профессионал адабиятыбыздын жаралуу, калыптануу, өнүгүү жолдоруна арналган алгачкы аракеттерге илимий экскурс жасоо,жыйынтык чыгаруу;
2. 1940–50-жылдар аралыгындагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча жазылган эмгектердин илимий-теориялык деңгээлине, изилдөө принциптерине байкоо жүргүзүү;
3. 1960–70-жылдар аралыгында жарык көргөн кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча эмгектерди өз ара салыштырып, алардагы жаңычылдыктарды, ийгиликтерди белгилеп, мүчүлүштүктөрүн аныктоо;
4. 40–80-жылдарда кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча жазылган окуу китептерин иликтеп, аларга баа берүү, аларды өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды киргизүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Биринчиден, кыргыз адабияттаануу илиминде алгач ирет 1940–1980-жылдары жарык көргөн кыргыз профессионал адабиятынын тарыхына арналган эмгектер системалаштырылды жана алардагы адабияттын өнүгүү жолундагы окшоштуктарына, тенденцияларына карата айтылган пикирлерге анализ жасалды. Экинчиден, ал эмгектердин илимий-теориялык деңгээлдерин өз ара салыштыруу менен эмгектер ар тараптуу анализге алынды. Алардын улуттук адабияттануу илиминин тарыхындагы орду белгиленип, аларга бүгүнкү күндүн илимий-эстетикалык жетишкендиктеринин көз карашынан баа берилди, илимий корутундулар чыгарылды. Айтылгандардын дээрлик баарысы кыргыз адабият таануусунда биринчи жолу жүзөгө ашырылгандыгы менен **изилдөөнүн жаңычылдыгы** аныкталат.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Бул изилдөөнүн негизги жоболорун жана тыянактарын илимий таанымдын төмөндөгү багыттарында колдонууга болот:

- кыргыз адабиятынын тарыхын мындан кийинки мезгилдерин изилдөөдө;
- кыргыз адабияттаануу илиминин өнүгүшүн изилдөөдө;
- кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча ЖОЖдордун жана орто окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттери үчүн лекциялык материалдарды даярдоо, окуу китеп, окуу куралдарын жазууда колдонууга болот.

–**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. 1940–1950-жылдар аралыгында кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналган алгачкы эмгектер структурасы жагынан кыйла жупуну болгон жана аларда профессионал адабият элдик оозеки чыгармалар менен бирдикте каралган;
2. Алгачкы адабият тарыхчылары К.Рахматуллин, М.Богданова, Т.Саманчин жана Б.Керимжановалар болушкан жана алардын жазган «тарыхтарынын» илимий-теориялык деңгээли, фактылык материалдарга мамилелери бирдей болгон эмес;
3. 1960 – 1970-жылдарда улуттук адабияттаануу илими кыйла өнүккөн, ошого байланыштуу тарыхты изилдөөнүн илимий деңгээли кыйла көтөрүлгөн, көп түрдүүлөнгөн, «тарых» атайын адистиги, даярдыгы бар профессионал адабиятчылар тарабынан жазыла баштаган;
4. Акын-жазуучулардын чыгармачылык портреттерин,адабияттын проблемаларын изилдөөгө алган 1960–1970-жылдарда жазылган монографиялардын адабияттын тарыхын жазуу ишинде ролу, мааниси зор болгон;
5. XX кылымдын 70 – 80-жылдарында кыргыз адабиятынын тарыхын окуп -үйрөнүүнүн жаңы форматы жаралган (орто жана ЖОЖдор үчүн окуу китептери) жана мындай багыт кийин өнүгүүгө багытталган.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Кыргыз жана дүйнөлүк адабияттаануу илиминин соңку жетишкендиктерине таянып, кыргыз адабиятынын тарыхын илимий-теориялык жактан иликтеген эмгектердин (1940-1980-жж) илимий-практикалык баалуулуктарын, көркөм маданияттын тарыхындагы алган

ордун улуттук адабияттаануу илимибизде биринчи жолу ар тараптан изилдеп бергендигинде. Диссертацияда сунушталган ой-пикирлер, көз караштар, изилдөөдөн алынган илимий корутунду, жыйынтыктар диссертанттын өзүнө таандык.

**Диссертациялык иштин апробацияланышы.** Илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде, кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз адабияты, Манас таануу жана дүйнөлүк адабият кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланды, илимий конференцияларда, симпозиумдарда докладдар окулду.

**Илимий иштин жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн темасы боюнча Кыргызстандын илимий журналдарында 11, ал эми РИНЦ системасындагы илимий журналдарда 2 макала,эл аралык конференцияда окулган илимий баяндама 1 макала болуп жарыяланган.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү:** Киришүүдөн, үч бап жана алардан келип чыккан жыйынтыктардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Илимий иштин көлөмү – 153 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери илимий жаңылыгы, практикалык колдонулушу, коргоого коюлуучу негизги жоболору, изденүүчүнүн жекече салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы чагылдырылды.

**Диссертациянын биринчи бабы «Проблеманын изилдениш тарыхы (адабияттарга обзор)» деп аталат.** Бул бөлүмдө кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн адабияттаануу илиминде колго алынышы жана изилдениши тууралуу обзор берилет.

Улуттук адабияттаануу илимибизде азыркы мезгилге чейин эле изилдөө иштерибиз көпчүлүк учурда адабий-көркөм процесстин тигил же бул маселелерине, тигил же бул адабий чыгармаларды изилдөөгө арналып, акын-жазуучулардын өмүрү, чыгармачылык изденүүлөрү боюнча жазылып келе жатат. Ошол эле учурда ар кандай себептер менен улуттук адабиятыбыздын тарыхын изилдеп, ал боюнча жазылган эмгектерге тиешелүү көңүл бөлүнбөй келет.Чындыгында мына ушул маселени колго алып, окумуштууларыбыздын кыргыз адабиятынын тарыхын жазууга арналган ар мезгилдердеги эмгектери системага келтирилип, алар ар тараптуу иликтенип, баа берилиши керек.

Диссертациянын биринчи бабында 20–30-жылдарда пайда болгон кыргыз профессионал адабиятынын жаралыш, калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдөөгө алган алгачкы макалалар анализге алынып,алар обзордук, көбүнчө сыпаттама мүнөзүндөгү макалалар болгондугу белгиленди [Токомбаев, А. Тунгуч съездге карата [Текст] // Кыргыз кеңеш адабияты. – 1934. – №2; Үмөталиев, Т. Кыргыз адабиятынын өсүшү [Текст] // Кызыл Кыргызстан. – 1939. – 11-март; Жакишев, Ө. Кыргызстандын адабияты жана искусствосу [ Текст]// –Советтик адабият жана искусство.–1941.–№1,2.] аттуу макалаларында алгачкы акын-жазуучуларыбыздын чыгармачылыктагы ийгилик, кемчилдиктери илимий талдоого алынган.

К. Рахматуллиндин кыргыз адабиятына болгон алгачкы илимий көз караштары негизинен «Кыргыз адабияты өсүүдө» (1936), «Кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы» (1941) деген обзордук, макалаларында чагылдылылып, кийин алар кыргыз профессионал адабиятынын тарыхын жазууда негизги булак катары тарыхый-маданий мааниге ээ болгон. Алгачкы жазылган жогорудагы макалалардын таасиринде жана негизинде кыргыз совет адабиятынын тарыхын жазуу маселеси колго алынган.

Кыргыз совет адабиятынын тарыхын илимий негизде чындап иликтөө аракети XX кылымдын 40-жылдары башталган**.** 1943-жылы автордук коллектив тарабынан «Кыргыз адабиятынын очерктери» жазылган. М.Богданованын 1947-жылы «Киргизская литература» атуу эмгеги Москвадан чыккан. 1950-жылдардан кийин бул багыттагы иштер дагы активдешкенин көрөбүз. Б. Керимжанованын, “Кыргыз совет адабияты 25жылда” (1951-жыл), “Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки” (1960), “История киргизской советской литературы”(1970), К.Артыкбаевдин ЖОЖдордун студенттери үчүн жазылган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982) окуу китеби, Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынан авторлор жамааты тарабынан даярдалып эки томдон турган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1987,1990) аттуу эмгектери кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүү этаптарын иликтөөгө арналган.

Азыркы мезгилде кыргыз адабият таануу илиминде кыргыз профессионал адабиятынын тарыхын изилдөөгө алган жеке автордордун эмгектери тууралуу кандидаттык диссертациялар корголуп, монографиялар жарыкка чыккан: [Кармышаков,С.К.Артыкбаевдин илимий-сынчылык ишмердиги [Текст]: филол. ил. канд. дисс: 10.01.01/ С.Кармышаков. – Бишкек, 2002.–166-бет. Кожомбердиева Ж.Т. М.И.Богданова – кыргыз адабиятынын изилдөөчүсү [Текст]: филол. ил. канд. дисс: 10.01.01/ Ж.Т.Кожомбердиева, – Бишкек, 2013.Устабаева, Г.К. К.Артыкбаевдин адабий-сынчылык чеберчилиги[Текст]: филол. ил. канд. дисс: 10.01.01/ Г.К.Устабаева, – Бишкек, 2013. Усупова, М.К К.Рахматуллин–Манас изилдөөчү [Текст]: филол. ил. канд. дисс: 10.01.01/ М.К.Усупова. – Бишкек, 2018]. Бул эмгектерде аталган изилдөөчүлөрдүн кыргыз адабиятынын тарыхын жазуудагы ийгиликтери жана айрым бир кемчилдиктери көрсөтүлгөн.

Көрүнүктүү сынчы, адабиятчы [Жигитов С 20-жылдардагы кыргыз адабияты [Текст] / – Фрунзе.: Илим, 1984. – 158 б.] монографиялык эмгеги адабияттын тарыхына жаңыча мамиле жасап, жаңы пикирлерди жараткандыгы менен айырмаланып турат.Илимий эмгекте 1) кыргыз совет адабиятынын жаралыш шарттары; 2) ошол мезгилде жарык көргөн проза жана драматургия жанрынын идеялык-тематикалык багыттары, алардын жанрдык табияты, көркөм-эстетикалык баалуулуктары терең изилдөөгө алынган.

Адабияттын тарыхы боюнча окуу китептерди жазуу иши да 80-жылдардан колго алына баштады. Адабиячы К.Артыкбаевдин ЖОЖдор үчүн жазылган “Кыргыз адабиятынын тарыхы” (1982), К.Иманалиевдин Кыргыз

совет адабияты"(1988) окуу китептери бул багыттагы алгачкы карлыгачтар болушту. Адабияттын тарыхы боюнча бул сыяктуу окуу китептер орус жана казак адабияттаануу илиминде кездешет. Мисалы: Казакстанда студенттер үчүн окуу куралы катары жазылган "Казак совет адабиятынын" тарыхы М.Каратаев, Т.Нуртазин, С.Кирбабаевдер тарабынан жазылып, бүгүнкү күндө колдонулуп келүүдө. Өзбек, түркмөн, тажик адабияты тууралуу жазылган окуу китептери, адабияттын тарыхын системага салып изилдөөгө алган эмгектер 80-жылдарга чейин бул өлкөлөрдө жазылган эмес.

**Жыйынтыктап** айтканда, XX кылымдын 20–30-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча улуттук адабияттаануу илимибизде 1930-жылдардан баштап макалалар жазылган.Алар сыпаттама, баяндама мүнөзүндөгү макалалар болгон. Мына ушул макалалардын кийин 1943-жылы автордук коллектив жазган «Кыргыз адабиятынын очерктери» жарык көрөт. Анда профессионал адабияттын тарыхына арналган III бөлүмдү адабиятчы Калим Рахматуллин жазган. Ал жазган «Кыргыз совет адабияты» бөлүмү биздин көз карашыбызда өз учуру үчүн бараандуу изилдөөлөрдүн бири болгон. Андан кийинки К.Рахматуллиндин М.Богданованын жазган «тарыхтарынын» кыргыз адабиятынын тарыхын окуп, үйрөнүүдөгү баалуулугу XX кылымдын 20 – 30-жылдары жазма адабиятыбыздагы тунгуч чыгармалардын алгачкы варианттарын илимий көз караштан өткөрүшүп, алар боюнча саамалык пикирлерди айткандыктарында. Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөө 50-60-жылдары дагы активдешкен. Профессионал сынчы адабиятчылар тарабынан адабияттын тарыхы ар тараптуу,концептуалдуу терең изилдене баштаган. Академиялык жыйнактар чыгарылып, адабияттын тарыхы боюнча боюнча маалыматтар дагы кеңейтилип толукталган.

**Диссертациянын экинчи бабы «XX кылымдын 40–50-жылдарындагы кыргыз профессионал адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү алгачкы аракеттер»** деп аталып,ал **2.1** Обзордук, баяндамалык макалалардан очерктик изилдөөгө карай: улут адабиятынын тарыхын түзүүдөгү жетекке алынган алгачкы багыт жана методологиялык принциптер. **2.2** «М. Богданова менен Б. Керимжанованын кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү аракеттери» деп аталган параграфтардан турат**.**

**Изилдөөнүн объектиси:** XX кылымдын 40–80-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхынын изилдениши

**Изилдөөнүн предмети:** 40-80-жылдарда «Кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча» жарыяланган эмгектер. Ал эмгектерге анализ жасоо, алардын ийгилик, кемчилдиктерин аныктоо жана улуттук адабияттаануу илиминин тарыхындагы ролун, маанисин белгилөө.

**Изилдөөдө колдонулган методдор:** Иште тарыхый-обзордук, илимий-аналитикалык, диахрондук жана синхрондук аспектиде тарыхый-типологиялык салыштыруу, анализ жана синтез ыкмалары колдонулду.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык маанилүүлүгү:** 1940–1980-жылдары жазылган кыргыз адабиятынын тарыхынын адабият, коом, илим үчүн маанисин, эмгектердин тарыхый өнүгүш эволюциясын талдоо аркылуу

булардагы жаңычылдыктар менен бирге, мүчүлүш кеткен жактарын илимий негизде аныктап, тактап, ал эмгектердин улуттук адабияттаануу илимибиздеги ордун тастыктоодо турат.

**2.1.«Обзордук, баяндамалык макалалардан очерктик изилдөөгө карай: улут адабиятынын тарыхын түзүүдөгү жетекке алынган алгачкы багыт жана методологиялык принциптер».** Бул бөлүмчөдө кыргыз адабиятынын жаралышынын алгачкы учурундагы жаңылыктарды, ийгиликтерди биринчилерден болуп, кыргыз журтчулугуна тааныштырууга аракет кылган акын-жазуучуларыбыздын макалалары: А.Токомбаевдин «Тунгуч съездге карата» (1934-ж), Т.Үмөталиевдин «Кыргыз адабиятынын өсүшү» (1939-ж), Ө.Жакишевдин «Кыргызстандын адабияты жана искусствосу» (1941) аталышындагы макалалары тууралуу сөз болот. Алар биздин оюбузча кыргыз адабиятынын тарыхын алгач иликтөөгө алган сыпаттама мүнөзүнө ээ обзордук макалалар болгон. Бирок ошондой болсо да, алар улуттук адабияттын тарыхын кененирээк изилдеп жазууга жерпай болгон туңгуч маанилүү эмгектер эле. Бул макалаларда төмөндөгү маселелер камтылган:1.“Революциянын биринчи жылдарындагы адабият”; 2. “Жер-суу төңкөрүшү жана адабияттагы агымдар”, 3.“Кеңеш адабиятынын жеңиши”. Эмгекте автор 1924–34- жылдар кыргыз жазма адабияты үчүн эң кыйын, курч драмалуу кезеңдерден болгондугун белгилеген.

Кыргыз жазма адабияты тамтуң баскан эң алгачкы мезгили 1918–1924-жылдары болгондугун, төңкөрүшкө чейин эле сабаты ачылган К.Тыныстанов, О.Лепесов, С.Карачев сындуу кыргыз интеллигенттеринин алгачкы мууну саясий маселелерде эле эмес, адабий аренада да абдан активдүүлүктөрүн көрсөтүшкөндүгү жөнүндө маалыматтар берилген. Алгачкы обзордук, баяндама макалалардан кийин адабияттаануу илимибизде очерктик мүнөздөгү эмгектер жазыла баштаган.

1943-жылы автордук коллектив тарабынан «Кыргыз адабиятынын очерктери» жарык көрөт. Очеркте профессионал адабияттын тарыхын б.а. III бөлүмдү белгилүү адабиятчы Калим Рахматуллин жазган. Кыргыз адабиятынын тарыхын жазууда ал проблемаларга карата материалдарды бөлүштүрүү принцибин колдонгон:1. Адабият майданындагы тап күрөшү, 2. Жазуучулар уюму, 3. Творчество маселелери, 4. Ата Мекендик согушка арналган адабият. Адабиятчы ошол мезгилдеги коомдук турмушта болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кыргыз жазма адабиятынын тарыхынын пайда болуусуна шарт түзгөн коомдук факторлор катары карап, илимий иликтөөсүн ага байланыштырып жүргүзгөн. К.Рахматуллиндин 20–30-жылдардагы кыргыз адабиятынын идеялык-тематикалык багытын туура белгилеген. Жазуучулардын чыгармаларына талдоо жүргүзгөн мезгилде кээ бир жазуучулардын жекече стилдик өзгөчөлүктөрүн туура баалаган. К.Рахматуллин «Каныбекке» «биографиялык тарыхый роман» деп жанрдык аныктама берген. Ошону менен бирге эле «Ал роман болууга караганда жомокко көбүрөөк жакын. Тагыраак айтсак, жомоктон романга өтүүчү форма» деп жазуучунун стилин окумуштуу ошол кезде эле туура аныктаган.

[Кыргыз адабиятынын очерктери[Текст] /– Фрунзе: Кыргызмамбас, 1943. – 244-б.]

А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романын К.Рахматуллин бир канча багытка бөлүп караган. Алгач «романдын формасы жана сюжети» чечмеленген. Жанрдык аныкталышы жагынан «роман кыргыз элинин 1916-жылдагы падышага каршы көтөрүлүшүнө арналган социалдык-тарыхый чыгарма» экенин  баса көрсөтөт. Андан ары карай автордун романды жазуудагы башкы максаты – «кыргынды», «кандуу жашты» элестетүү болгондугун,ошондуктан чыгармасында «окуялардын ушу жагына көбүрөөк басым жасап «кыргындын» сүрөтүн натуралисттерче так кылып, майда-чүйдөсүнө чейин калтырбай көрсөтөт» деген пикирин айтат [Кыргыз адабиятынын очерктери, [Текст]: –Фрунзе: Кыргызмамбас, 1943. – 207-б.].

Биздин оюбузча, адабиятчынын жогорудагы пикири негиздүү. Себеби, уюштуруусу начар болуп, бирдиктүү башкаруунун жоктугунан жана эл начар куралдангандыктан улам көтөрүлүш ырайымсыздык менен басылып, кыргыз эли массалык кырылып-жоюлуу тагдырына туштукканы – тарых чындыгы. Андыктан, Аалы Токомбаев өз элинин чыныгы патриот уулу, реалист сүрөткери катары болгон ачуу чындыкты өз чыгармасында жымсалдоого, бурмалоолорго жол бере алмак эмес.

К.Рахматуллин М.Элебаевдин поэзиясына учкай токтолуп, анын «Зарыгам», «Жүрөк жанат» аттуу ырларын талдоого алган. «Узак жол» – Мукайдын ысмын адабият тарыхына калтырган негизги чыгармасы экендигин белгилеп,романда кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнө чейинки, көтөрүлүш учурундагы, Кытай жериндеги көргөн кордуктары, азаптуу тагдыры бир үй-бүлөнүн мисалында ачылып берилет деп туура жыйынтык чыгарган. К. Рахматуллин - чыгармага повесть деген жанрдык аныктама берген алгачкы адабиятчы. Мындай аныктама дээрлик 1960-жылдарга чейин жашады десек болот. Ал эми 1960 – 1970-жылдары «Узак жолду» адабиятчы-окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү роман деп таанычы. Мисалы, адабиятчылар К.Маликов, Т.Үмөталиев, Б.Маленов, К.Артыкбаев ж.б. (К.Асаналиев, Б.Керимжанова, К.Иманалиев, К.Бобулов повесть деп эсептешет). “Узак жолго” биз роман деген аныктама берилгени туура деген көз караштабыз, анткени романдын бүтпөй калган уландысы да болгон.Изилдөөчү Ж.Турусбеков, К.Маликов, Ж.Бөкөнбаевдердин лирикаларына, поэмаларына, драмалык чыгармаларына карата да өз пикирин айткан. Айрыкча өз убагында кыйла талаш-тартышты туудурган «Балбай» поэмасына кеңири токтолот. Пикир кескин айыптоо маанисинде болот. Биздин баамыбызда «Балбайдын» кендиринин кесилишине зор салым кошкон инсандардын бири так ушул К.Рахматуллин болсо керек.

Коомчулукта Ж.Бөкөнбаев фольклордук салтты мыктап өздөштүргөн, аны профессионал лирика менен жуурулуштуруу жаатында көп аракеттенген кылдат лирик катары белгилүү. Жоомарттын чыгармачылыгындагы бул өзгөчөлүктү изилдөөчү «Алтын кыз» драмасын талдоо процессинде да белгилеп өтөт. Эмгекте К.Жантөшевдин «Эки жаш» повести менен

«Карачач» пьесасы тууралуу чакан маалымат айтылып, талдоого алынган.“Т.Сыдыкбековдун негизги орду – эпикалык проза. Өткөн кылымдын 30-жылдары жазылган «Кең-Суу», «Темир» романдары аны кыргыз прозасында реалисттик роман жанрынын баштоочусу катары кароого мүмкүндүк берет” деген. К.Рахматуллиндин бул пикири эки романдын биринчисине байланыштуу айтылат. Айтылган сын-пикир романдын азыркы окурманга аз белгилүү болгон анын алгачкы вариантына карата айтылганы менен баалуу.

К.Баялиновдун «Ажар» повестин талдоодо автор ошол мезгилдин картинасын, таптык мамилени, кедей менен манаптардын, уйгур, дунган ж.б. улуттар ичиндеги мамилени жазуучу ачык чагылдырып берген деп туура белгилеши – изилдөөчүнүн ийгилиги десек болот. «Айсулуу»– Т.Үмөталиевдин, дегеле 30-жылдардагы жаш кыргыз профессионал поэзиясындагы мыкты делген поэмаларынын бири. Поэма К. Рахматуллинге да жакса керек, сын пикирин, автор поэманын жетишкен ийгиликтерин деталдаштырып талдаган. Ошол эле учурда поэманын айрым кемчиликтерин да көрсөтөт.

«Ата Мекендик согушка арналган адабият» аттуу бөлүм обзордук маалымат түрүндө жазылган. Мында изилдөөчү уруштун алгачкы эки жылы ичинде жазылган ыр, поэма, очерк, аңгеме жана пьесалардын өзгөчөлүгү, нарк-насили туурасында учкай болсо да, жекече пикир айтуу аракетинде болгон. Көбүнчө чакырык,үндөө, баатырлардын баатырдык элестерин баяндаган акын-жазуучулардын чыгармалары болгону боюнча маалымат гана берип, аларды терең талдоого алган эмес.

**Жыйынтыктап** айтканда кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча улуттук адабият илимибизде алгач обзордук-маалыматтык макалалар жазылган.1943-жылы гана биринчи жолу коллектив тарабынан ”Кыргыз адабиятынын очерки жазылып,жарык көргөн.Бул эмгек фольклор менен профессионал адабияттын тарыхын бирге карап жазылган эмгек болгон. Мында К.Рахматуллин адабияттын тарыхын проблемалаларга карата бөлүү принцибин жетекке алган десек болот.Бөлүмдүн жазылыш деңгээли, көркөм чыгармага жасалган адабий анализдер автордун профессионалдык даярдыгынын жеткилең экендигинен кабар берет. “Кыргыз совет адабияты” бөлүмү биздин көз карашыбызда өз учуру үчүн бараандуу изилдөөлөрдүн бири катары баалануга татыктуу жана ал XX кылымдын 30–40-жылдардагы жазма адабиятыбыздагы алгачкы чыгармалардын адепки варианттарын илимий көз караштан өткөрүп, алар боюнча саамалык пикирлердин жаралыш тарыхына серепсалууда бизге табылгыс булак катары да кызмат кылат.,

**2.2 «М.Богданова менен Б.Керимжанованын кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү аракеттери» деп аталган экинчи параграфта** М.Богданованын 1947-жылы Москвадан чыккан «Киргизская литература» аттуу эмгеги,1943-жылдагы «Кыргыз адабиятынын очерктеринен» кийинки кыргыз адабиятынын байыркыдан берки тарыхын толук чагылдырууга болгон экинчи аракет экени белгиленди. Эмгек кыргыз адабиятын жалпы союздук, ал гана эмес дүйнөлүк масштабда таанытуу зарылдыгынан улам

жазылган. **Изилдөө киришүүдөн, он бөлүмдөн жана адабият көрсөткүчтөрүнөн турат:** 1. «Байыркы кыргыз адабий эстеликтери», 2. «Кыргыз элинин фольклордук мурасы», 3. «Кыргыздын баатырдык эпосу, 4. «Манас», XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз акындары», 5. «Октябрь революциясынан кийинки кыргыздын элдик акындары», 6. «Кыргыз жазма адабиятынын пайда болушу жана гүлдөп өнүгүшү», 7. «Советтик Кыргызстандын акындары», 8. «Советтик Кыргызстандын прозаиктери», 9. «Кыргыз совет драматургиясы», 10. «Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги кыргыз адабияты». Китепте көркөм сөз өнөрүнүн нечен доорлор мурдагы үлгүлөрүнөн тартып, XX кылымдын орто ченине чейинки профессионал жазма адабиятыбыздын жаралышы, өнүгүш абалы, бөтөнчөлүктөрү тууралуу сөз болот.

Улуттук жазма адабиятыбыздын адепки пайда болуш процесси «Кыргыз жазма адабиятынын жаралышы жана гүлдөп өнүгүшү» деген аталыштагы 6-бөлүмдө чечмеленген. 1937–1938-жылдардагы репрессиянын таасири, китептин курулушунан эле байкалат. Анда жазма адабиятыбыздын Октябрь төңкөрүшүнөн кийинки алгачкы жети жыл ичиндеги көркөм-чыгармачылык тажырыйбалары тууралуу эч сөз айтылган эмес. Профессионал адабиятыбыздын жаралышын 1924-жылдын 7-ноябрында башталган дейт. Ооба М.Богданова «тарыхты» жазган мезгилде бул датага эч кандай түзөтүү киргизилбеген. Эмгекте М.Богданова орус адабиятынан кыргызчага которулган бир катар авторлордун чыгармаларын киргизип, кыргыз профессионал адабиятыбыздын өнүгүшүндө котормонун ролу зор экендигине 1-жолу коомчулуктун көңүлүн бурган.

«Советтик Кыргызстандын акындары» деп аталган бөлүмүндө окумуштуу кыргыз адабиятында жаңы жанрлардын: поэмалардын, роман, драмалардын пайда боло баштагандыгына токтолуп, А.Токомбаевдин «Туткун Марат», «Днестрь терең деңизге куят» чыгармаларына анализ жасайт. Эмгекте К.Баялинов, К.Жантөшев, Т.Сыдыкбековдордун проза жанрындагы алгачкы жазылган чыгармалары боюнча да сөз болот. Айрыкча М.Богданованын А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы тууралуу пикирлери бүгүн да маанилүү. Ал «Романда эпикалык баяндоо терең лиризм менен жуурулушкан» дейт ошондой эле «натурализм жетиштүү ал, мисалы, элди жанчып жок кылуу, чет жерде темселеген качкындардын кыйналуусу чагылдырылган сценаларда даана көрүнөт»-деген [Богданова, М. И. Киргизская литература [Текст] /М.И.Богданова.–М.: Сов. Писател, 1947. – С. 117.]. Биздин көз карашыбызда романда акын, Кытайга баргандагы элдин кыргын-сүргүнүн реалдуу эле баяндаган. Бул тууралуу окумуштуу К.Артыкбаев «Акын чындыкты көрсөтүп туура жазган, эпостук мотивди колдонгон» деген пикирди айткан.

М.Богданова кыргыз акындарынан А.Токомбаевге удаа эле М.Элебаевдин М.Токобаевдин, Ж.Бөкөнбаевдин, Ж.Турусбековдун, К.Маликовдун өмүр жолуна токтолуп, бирок эмнегедир алардын чыгармачылыктагы ийгиликтери тууралуу эч кандай пикир айткан эмес.30-жылдарда поэзия жанрында жаңы агымдын пайда болгондугун белгилеп, өз оюн Т.Үмөталиев, А.Осмонов,

А.Токтомушев ж.б.чыгармаларынын мисалында далилдөөгө аракеттенген. Профессионал акындардын кийинки муунунун ичинен айрыкча Алыкул жөнүндө жазганы көңүлдү өзүнө бурбай койбойт. Ал өз изилдөөсүндө Алыкулдун чыгармачылыгына өтө жогору баа берген.“В киргизской лирике Алыкулу Осмонову принадлежит почетное место. Нежной, мягкой задушевностью озарены его стихи о молодежи.”[Богданова, М.И.Киргизская литература [Текст] / – М.: Сов. писатель, 1947.– С-187.]. М. Богданованын бул пикири, Алыкул акын туурасындагы объективдүү пикирлердин алгачкылары болгондугу менен баалуу. Акын фольклордук сюжеттин негизинде “Толубай” поэмасын жазып, “Жолборс терисин жамынган баатыр” ж.б. чыгармаларды которгондугуна токтолуп, алардын кыргыз профессионал акындар поэзиясындагы ордун белгилеген.

Изилдөөнүн «Советтик Кыргызстандын прозаиктери» деген бөлүмүндө адабиятчы жаш кыргыз прозаиктери орус, казак, татар жазуучуларынын чыгармаларынан таалим алган деп эсептейт. Мисалы: К.Баялиновдун “Ажары” Карамзиндин «Шордуу Лиза» аттуу чыгармасынын таасиринде жазылган деген пикирде. Биздин көз карашыбызда М.И Богданова адабий фактыга өтө үстүртөн мамиле жасаган. Мындай дегенибиз биринчиден, К.Баялиновдун ошол мезгилде Карамзиндин “Байкуш Лизасы” менен тааныш болгондугу тууралуу факты материал дээрлик жок. Бирок ошол мезгилде орус жазуучуларынын чыгармаларынан К.Баялинов кыргыз тилине которуп жарыялаганы чындык. (М. Лермонтовдун “Три пальмы”, А.С.Пушкиндин “Евгений Онегин”, М.Горькийдин аңгеме, повестери менен тааныш болуп, аларды кыргыз тилине которгондугу боюнча маалыматтар бар). Экинчиден, К.Баялинов –1916-жылдагы кыргыз эли башынан өткөргөн оор трагедияны өз башынан өткөргөндөрдүн бири. Ошондуктан «Ажардын» сюжетин жазуучу өзү көрүп, таасирленген турмуш чындыгынан эле алган десек туура болот.

М.Богданованын «Очеркинде» М.Элебаевдин «Узак жол» повести аталып гана өтөт, талдоо жүргүзүлбөгөн. К.Жантөшевдин «Каныбек» романын К.Рахматуллин сыяктуу эле М. Богданова реалисттик чыгармага эмес, фольклорго, анын ичинен баатырдык эпоско көбүрөөк жакын деген пикирде болгон. Ал «Каныбекти» батыштын орто кылымдардагы рыцардык романдарына салыштырып, аны рыцардык романдардан айырмачылыгын ачып көрсөтөт. Т.Сыдыкбеков реалистик роман жанрынын баштоочусу катары белгиленет, «Кең-Суу» романы талдоого алынат жана аны М.Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» романынын түздөн-түз таасири астында жараткан деп эсептейт. Бул маселеде ал К. Рахматуллиндин пикирин кайталоо менен чектелгендигин көрөбүз [Богданова, М. И. Киргизская литература [Текст] / М.И. Богданова. – М.: Сов. писатель, 1947.– С. 209.].

Кийинки бөлүм «Кыргыз совет драматургиясы» деп аталат. Мында адабиятчы тунгуч кыргыз пьесалары катары М.Токобаевдин «Кайгылуу Какейин», «Калыйпасын», К.Жантөшевдин «Карачачын» атайт. Эмгекте бул алгачкы пьесалар үгүт багытында болгондугу жана алардын каармандарынын образдары схемалуу сюжети жөнөкөй түзүлүп, элдик айтыштарды эске салып, бүтпөгөн диалогдордун жана монологдордун алмашуусунан

курулгандыгын туура белгилеген.Улуу Ата Мекендик согуш жылдарынын адабиятына арналган бөлүмдө кыргыз адабиятынын ошол мезгилдеги, көркөм фактылар ирети менен бирден саналып өтүп, аларга тиешелүү анализ жасалган эмес.

Адабиятыбыздын байыркыдан беркисин чагылдырган өзүнө чейинки эки эмгектен айырмаланып, адабиятчы Б. Керимжанованын «Кыргыз совет адабияты XXV жылда» (1951) аттуу эмгеги жеке кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүшүн чагылдырууга арналган. Изилдөө кыргыздын улуттук профессионал поэзиясынын өзүнчө бир кайталангыс керемет көрүнүшү акын Алыкул Осмонов дүйнөдөн кайткандан кийин жарык көрсө да, эмнегедир эмгекте ал тууралуу маалымат дээрлик жок, көз жаздымда калтырылган. Эгерде эмгекке объективдүү мамиле жасай турган болсок, ал болгону кыргыз жазма профессионал көркөм сөз өнөрүнүн 1924-жылдан 1950-жылга чейинки өнүгүшүнүн адабий фактыларына токтолуп обзордук гана маалымат берген.

**Жыйынтыктап** айтканда XX кылымдын 40–50-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхын изилдеген алгачкы илимий эмгектердеги кыргыз адабиятынын өнүгүш тенденцияларына, калыптануу жолундагы оош-кыйыштарына карата берилген баалар, илимий талдоолор ошол кездеги адабий процесстин негизги «авторлору» болгон А.Токомбаев, М.Токобаев, К.Баялинов, Т.Сыдыкбеков, Ж.Турусбеков, К.Маликов, Ж.Бөкөнбаев, К.Жантөшов, М.Элебаев сыяктуу акын-жазуучулардын чыгармаларынын негизинде жүргүзүлгөн. Адабияттын алгачкы изилдөөчүлөрү К.Рахматуллинден кийин кыргыз адабиятын орус тилдүү окурмандарга жеткизүү максатында, М.Богданованын 1947-жылы Москвадан чыккан «Киргизская литература» аттуу эмгегинин маанилүү жагы, кыргыз адабиятын жалпы союздук, ал гана эмес дүйнөлүк масштабда таанытуу зарылдыгынан жазылгандыгында жана Б.Керимжановалар канчалык даражада советтик идеологиянын алкагында болушпасын, алардын изилдөөлөрү өз мезгилинде кыйла даражадагы маданий, илимий-теориялык даярдыгы бар, таланттуу адабиятчылар экендигинен кабар берет. Жогоруда, биз токтолуп өткөн эмгектерде кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүүсүнүн алгачкы этабынын картинасы түзүлгөн, айрым бир мүчүлүштүктөрүнө карабастан ал эмгектердин азыркы мезгилде да кыргыз адабиятынын өнүгүү жолун изилдөөдө тарыхый мааниси зор экени талашсыз чындык.

**Диссертациянын үчүнчү бабы “Кыргыз адабиятынын тарыхын илимий негизде изилдөөнүн 60–70-жылдардагы өнүгүшү: Көп тармактуулук жана концептуалдуулук” деп аталып,** ал төмөндөгүдөй эки параграфтан турат. «60–70-жылдарындагы адабий процессти изилдөөдөгү оң, терс көрүнүштөр», «Кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде берилиши». Аталган бапта 60–70-жылдардагы адабий процесстин изилденишинин негизги багыттары каралды. Изилдөөлөрдүн көп түрдүүлүгү, концептуалдуулугу белгиленди. Андан кийин кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде берилиши иликтенип, тарых боюнча жазылган окуу китептери салыштырылып, жыйынтыктар чыгарылды.

**3.1 60–70-жылдардагы адабий процессти изилдөөдөгү оң, терс көрүнүштөр.**

XX кылымдын 60 – 70-жылдары улуттук адабияттаануу илимибизде адабияттын тарыхынын реалдуу картинасы даана тартылып калган деп айтууга негиз бар. Бул жылдары адабияттын тарыхын изилдөөгө аракет көп тармактуу жүрдү. Буга А.Садыковдун «А.Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлук» (1962), К Рысалиевдин «Кыргыз ырларынын түзүлүшү» (1965), Б.Ашымбаевдин «Чынгыз Айтматов» (1965), А.Садыковдун «Кыргыз совет адабиятындагы улуттук жана интернационалдык проблемасы» (1969), К.Бобуловдун «Пути развития реализма в киргизской прозе» (1969), М.Тойбаевдин «Время, человек, драма» (1970) ж.б.бир катар монографиялык изилдөөлөр мисал боло алат. Кыргыз адабиятынын тарыхын фундаменталдуу негизде иликтеп чыгууга болгон олуттуу аракет автордук жамаат (Б.Керимжанова, Ж.Таштемиров, К.Асаналиев, З.Мамытбеков ж.б.) тарабынан 50-жылдардын экинчи жарымында жасалып, анын натыйжасы 1960-жылы жарык көргөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерки» аттуу эмгектен көрүндү.«Очеркте» улуттук адабиятыбыздын өнүгүшү төмөндөгүдөй мезгилдештирилген:

1. Кыргыз совет адабиятынын өсүшүнүн алгачкы мезгили (1917–1929-жылдар) : 1. Поэзия, 2. Драматургия,
2. Кыргыз совет адабияты согушка чейинки беш жылдыктар мезгилинде (1930–1940 жылдар) : Проза, Драматургия, Поэзия,
3.Кыргыз совет адабияты Улуу Ата Мекендик Согуш мезгилинде (1941–1945-жылдар). Поэзия, Драматургия, Проза,
4. Кыргыз совет адабияты согуштан кийинки мезгилде: Поэзия, Проза, Драматургия, Балдар адабияты, Адабий сын.

«Киришүүдө» кыргыз совет адабиятынын жаралышы жана калыптанышы, кыргыз адабияттаануу илиминдеги жетишкендиктери тууралуу кыскача сөз болот. Бул эмгек чыккандан кийин 1960-жылы «Ала-Тоо» журналында резонанс туудурган чоң талкуу болуп, ал талкууга адабиятчы-окумуштуулар: Ж.Субанбеков, Н.Байтемиров, Т.Үмөталиев, К.Маликов, З.Кедрина, Дм.Брудный жана бир катар жалпы эле адабиятка кызыккан окурмандар катышып, китептин ийгиликтери жана кемчилдиктери тууралуу пикирлерин айтышкан. Сынчы Ш.Үмөталиев “Кайдыгер мамиленин натыйжасы” (1961-ж) деген макаласында эмгектеги адабий өнүгүүнү мезгилдештирүү принцибинин туура эместиги белгиленип, портреттик маалыматтардын да так жана толук эместиги тууралуу сын пикирин айткан. Ырасында да китепте ал мезилде белгилүү болуп эле калган жазуучулар А.Токтомушев, С.Сасыкбаев, У.Абдукаимов, Н.Байтемиров сыяктуу жазуучулардын чыгармачылыгы тууралуу эч бир пикир айтылбаган.

«Очеркте» сынчы Ж. Субанбековдун айтымында таланттуу драматург Т.Абдымомуновдун драмаларына да көңүл бөлүнбөгөн. Китептин бул бөлүмчөсүндө К.Жантөшевдин «Эл ырчысы», «Бир сакалчан», Р.Шүкүрбековдун «Эки дос», «Жапалак Жатпасов», «Менин айлым», «Жашыл токой», Т.Абдымомуновдун «Тар капчыгай», «Борбаш» деген

пьесалары кыргыз театрынын сахналарында коюлуп жатканы тууралуу маалымат гана берилип ал чыгармаларга талдоо жүргүзүлбөйт. [Кыргыз совет адабият тарыхынын очерки, [Текст ]. / Фрунзе: Кыргызокууопедмамбас, –1960. 139-б.]. Бул пикирге кошумча бул бөлүмдө К.Жантөшовдун, К.Маликовдун, А.Осмоновдун драмалары тууралуу учкай кеп козголгон. Согуштан кийинки драматургиянын өсүш тенденциялары, көркөмдүк маселелери боюнча да аныкталып, тийиштүү илимий жыйынтыктар чыгарылбагандыгы, албетте биздин пикирибизче эмгектин чоң кемчилдиги болуп эсептелет.

Ж.Таштемиров «Очеркке» – биринчи жолу «Балдар адабияты» жана «Адабий сын» деген бөлүмдү кошкон. Поэзия, проза, драматургия жанрына караганда эмгекте балдар адабиятына обзор кеңири берилген. Бирок Ж.Таштемиров эмгекте А.Осмонов, А.Токтомушев,Т.Үмөталиев, К.Маликовдордун бир катарырлар жыйнактары басылып чыккандыгын санактаганы менен аларга анализ жасап, конкреттүү пикир айтпайт.

Очеркте «Звезда» жана «Ленинград» журналдары жөнүндө ВКП(б) БКнын 1946-жылы 14-августундагы токтомдорго байланыштуу СССРде адабий сын жандана баштагандыгы айтылат. Ошол мезгилде А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы, К.Маликовдун «Балбай, Т.Үмөталиевдин «Баатыр» сыяктуу чыгармалары катуу сынга кабылып, кээ бирлери окуудан алынып салынганын билебиз. Изилдөөчү булар тууралуу пикирин ачык айтпайт, маселеге тереңдеп кирбейт. Ж.Таштемировдун мындай позициясынын ал учурда жүйөөлүү себеби бар деген ойдобуз, анткени ал мезгилдерде 1937-жылдагы репрессиянын эпкини өчө элек болчу, ошондон улам автордо кооптонуу сезими болгон деп божомолдосок болот. “Очерктин” Адабий сын бөлүмүндө 1954-жылкы жазуучулардын съездинде айтылган адабий сындагы олутуу кемчилдиктер, Кыргызстан Жазуучулар Союзунун адабий сынга арналган пленуму тууралуу маалымат берилип, Самаганов, Балтин, Нуровдор тууралуу сөз болуш керек эле. Тилекке каршы, андай олуттуу маселе автордун көңүлүнүн сыртында калган.

“Очеркте” А.Токомбаевдин чыгармачылыгына арналган бөлүм бир топ жакшы жазылган. Акындын поэзиясын Ш.Үмөталиев, прозасын К.Асаналиев иликтеген. Акындын чыгармачылыгынын эволюциялык өсүш жолу туура чагылдырылган. Изилдөөчү акындын бул мезгилдеги поэзиясынын негизги бөтөнчөлүгү анын үгүт-насыят мүнөздө болгондугунда деп туура корутунду чыгарган.К. Асаналиев А.Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аттуу аңгемесин жана «Днестр терең деңизге куят» повесттин өзгөчө эргүү менен талдаган. Бирок да жазуучунун «Жараланган жүрөк», «Мезгил учат» повесттерине токтолгон эмес. Адабиятчы Б.Маленов Мукай Элебаевдин чыгармачылыгына арналган портреттик бөлүмдү жазган. Акындын ырларына хронологиялык тартипте анализ берилген. Изилдөөчү Мукайдын «Узак жолуна» кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи пайда болгон автобиографиялык роман деген аныктама берген. Б.Керимжанова “Очеркте” К.Жантөшев менен К.Маликовдун портреттик бөлүмдөрүн жазган.«Очеркте» К.Жантөшевди драматург катары көрсөтүүгө умтулушканы байкалат**.** Анда К.Маликов жана

А.Куттубаев менен бирдикте жазылган «Жаңыл» драмасынын сюжети кайталанып айтылган. Акындын поэмалары менен лирикалары жетишээрлик баасын алган эмес. “Очерктеги” акындын поэзиясына карата бир беткей мамиле тууралуу обьективдүү сын-пикирлерин өз учурунда Т.Үмөталиев, Ж.Суванбеков, Ш.Үмөталиевдер да айтышкан.

Китептеги жакшы иштелген бөлүм болуп, К.Асаналиевдин Т.Сыдыкбеков тууралуу жазган бөлүмү эсептелинет. Биздин оюбузча, автордун кандидаттык диссертациясынын темасы Т.Сыдыкбеков болгондугу анын изилдөөсүнүн тереңдигин шарттаган. «Т. Сыдыкбековдун романдарындагы кемчилдиктердин бири – андагы аялдардын образы бир жактуу көрсөтүлгөндүгү. Адабияттын предмети адам болгондуктан, анын ички сезимдерин: жек көрүүсүн, сүйүүсүн ж.б.сапаттарын көргөзүү зарыл»деген автордун пикирине кошулабыз [Кыргыз совет адабият адабият тарыхынын очерки, [Текст] /– Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1960.–127-б].

Т.Үмөталиевге арналган бөлүмдө бир катар адилеттүү пикирлер бар. Акындын чыгармачылык өзгөчөлүгүн сынчы Ш.Үмөталиев эң сонун ачып берген.Анын пикири боюнча «Поэзиясынын өзгөчөлүгү–жүрөктү кытыгылаган темпераменттүүлүгү, образдардын поэтикалуулугу. Ошол эле учурда Т.Үмөталиевдин лирикаларында кургак сыпаттоо, декларативдүүлүккө жол берилген учурлар да жок эмес. Эмгекте сынчы акындын чыгармаларына бир жактуу мамиле жасалгандыгы ачык эле байкалат.

Тилекке каршы, “Очерктеги” А.Осмоновго арналган бөлүмдө да З.Мамытбеков акындын чыгармачылык ийгилигин терең ачып бере алган эмес. Бул пикирибизди окумуштуу Дм.Брудный да ырастайт: «Главный недостаток главы в ее декларативности и неумении строить анализ произведения» [Брудный Дм. История кыргызской литературы [Текст]/ Дм.Брудный // Сов. Киргизия. – 1961. – 21 февраля].

«Очеркте» адабиятыбыздын өсүшү тарыхый доорлор менен бирге, ажырагыз байланышта каралган.Кыргыз адабияты басып өткөн жолду системага салып, илимий жалпылоого алуунун дагы бир чоң аракетин Москвадан 1970-жылы орус тилинде жарык көргөн «История киргизской советской литературы» аттуу жамааттык эмгектен көрсөк болот. Аны жазууга Б. Керимжанова, К.Асаналиев, А.Садыков, К.Бобулов, Р.Кыдырбаева, Ш.Үмөталиев сыяктуу көрүнүктүү адабиятчылар тартылган. «История киргизской советской литературы» аттуу «тарых» китебинде адегенде обзордук материалдар, анан аягында акындар чыгармачылыгынан Т.Сатылгановдун өмүрү чыгармачылыгы жана акын-жазуучулар А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, А.Осмонов, Ч.Айтматов дунган адабиятынын өкүлү Ясыр Шивазанын чыгармачылык портреттери берилген. «Историядагы» 1930-жылдардагы прозада М.Элебаевдин «Узак жол», Т.Сыдыкбековдун «Кең-Суу», А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк», «Днестр терең деңизге куят», «Күүнүн сыры», К.Жантөшевдин «Каныбек» өңдүү чыгармаларына анализ жүргүзүлөт.Ошол мезгилдеги поэзия кенен сөзгө алынып, кыргыз адабияты менен башка элдердин адабияттарынын

ортосундагы карым-катыш маселелерин иликтөөгө да эмгекте орун берилген.

«Кыргыз совет адабияты Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде» деген бөлүмдө согуш темасына арналган чыгармалардын идеялык-тематикалык багыты жөнүндө сөз болот.“Историянын” дагы бир жаңычылдыгы анда кыргыз адабияты жөнүндө эле сөз кылына бербестен, ошол мезгилдеги бүткүл союздук адабиятта болуп жаткан жаңылыктар, адабий көркөм кубулуштар тууралуу аздап болсо да сөз болуп, кыргыз адабиятынын өнүгүшүн ошол контексте кароо аракети байкалат.

Башка “тарыхтарга” салыштырмалуу «История» интернационалисттик маанайда жазылган. Бул тарыхта Кыргызстанда жашаган дунган элинин өкүлү М.Сушанло, Ясыр Шиваза жана 4 кыргыз жазуучусунун чыгармачылыгы иликтенген. А.Токомбаевдин чыгармачылыгын жазган сынчы Ш.Үмөталиев акындын драматургиядагы ишмердүүлүгүн таптакыр эске алган эмес.

«Историядагы» кийинки портрет Т.Сыдыкбековдуку, бул бөлүмдү К.Асаналиев жазган. Мында негизги кемчилдик автор жазуучунун согуш мезгилинде жазылган аңгемелери жана кийинки романдары тууралуу маалымат бербейт. А.Осмоновдун чыгармачылыгы окумуштуу Р.Кыдырбаева тарабынан өтө кылдат изилденип поэзия, драматургиядагы акындын ордун орус тилдүү окурмандарга жеткиликтүү ачып берген. Ошондой болсо, да «Историяда» А.Осмоновдун кыргыз поэзиясынын берметтери катары эсептелүүчү өмүр, өлүм, турмуш, мезгил, адам жөнүндөгү философиялык ырлары камтылган эмес.

Жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы К.Бобулувдун иликтөөсүндө жазылган. Сынчы жазуучунун 70-жылдарга чейинки жарыкка чыккан чыгармаларынын баарына чакан анализ берип, эмгекте жазуучуну дүйнөгө тааныткан “Жамийла” повестине өзгөчө орун берген жана ал Ч.Айтматовдун чеберчилигин ачкан жогорку деңгээлдеги иликтөө экендигин белгилеп кетүүбүз керек.

**3.2. «Кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде берилиши» деп аталат.**

Окумуштуу К.Артыкбаев тарабынан жеке автордун изилдөөсүнүн натыйжасында «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» ЖОЖдор үчүн окуу китеби (1982) жарыкка чыккан. Бул китепте кыргыз совет адабиятынын жарым кылымдан ашуун мезгилди басып өткөн жолундагы жетишкен ийгиликтери окуу программасына ылайыкталып жазылган.

Оболу эмгекте мезгилдештирүү принцибине ылайык кыргыз адабиятынын өнүгүш этаптарын чагылдырган обзордук бөлүм берилген. Андан кийин 19 портреттик бөлүм киргизилген. Окуу китебинде буга чейин коомчулукта азыраак белгилүү болгон бирок улуттук адабиятыбыздын калыптануусунда зор салымдарын кошкон М.Түлөгабылов, О.Лепесов, Б.Калпаков, И.Кудайбергенов, З.Элепесова, С.Карачев, К.Тыныстанов сыяктуу бир топ акындар тууралуу жаңы маалыматтар берилет [Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы [Текст] К.Артыкбаев. – Фрунзе, Мектеп, 1982. – 24-б.]. К.Артыкбаев алгачкылардан болуп, бул авторлорго маани берип, аларды тарыхка киргизиши китептин мазмунун арттырган

десек болот.

К. Артыкбаевдин китебинин башка «тарыхтардан» экинчи айырмасы «Кыргыз совет адабиятында социалисттик реализмдин калыптанышы» деп аталган бөлүмдүн астында социалисттик реализмдин калыптануу мезгилиндеги адабий процесске токтолгонунда турат. К.Артыкбаевдин окуу китебинде согуштан кийинки учурдагы кыргыз адабий сыны, адабият таануусу, көркөм котормосу да каралган. Башка тарыхтардан айырмаланып бул окуу китебинде кыргыз адабиятынын таланттуу өкүлдөрү К.Жусупов, М.Гапаров, М.Мураталиев, С.Жетимишев, Ө.Даникеев, А.Стамов, К.Акматов, М.Байжиев, Ш.Абдраманов өңдүү жазуучулардын көркөм табылгалары, азыркы кыргыз адабиятындагы орду, ийгиликтери менен бөксөлүктөрү биринчи жолу талдоого алынган.

К.Артыкбаевдин окуу китеби чыккандан кийин коомчулук тарабынан кызуу талкууланган. К.Артыкбаевдин окуу китебине өздөрүнүн оң баасын берип ийгиликтерин белгилеген макалалар: К.Асаналиев менен С.Закиров, “Биринчи окуу китеби” (1982), Б.Алыкулов “Вехи большого пути” (1982), Н.Байтемиров “Туңгуч эмгек жөнүндө сөз” (1983), Ж.Шериев “Биринчи окуу китеби” (1983).Ал эми В. Шаповалов “Мечта написать историю” (1984), О.Ибраимов “Көп кырдуу изденүү”(1984), Мамбеталиев К, Вакуленко В.“Истории с Историей...”(1985), К.Өмүрзаков “Толубайдай сынчы бол” (1986) сыяктууөз макалаларындаадабиятчылар, “окуу китебинин” ийгиликтери жана кемчилдиктери тууралуу сөз кылышкан. Бул макалалардын ичинен сынчы А.Эркебаевдин “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы” боюнча окуу китеби тууралуу (1985) деген сын макаласы башка макалалардан кескин айырмаланып турат. Анда сынчы К.Артыкбаевдин ийгилиги катары кыргыз совет адабиятынын жаралышы, азыркы мезгилге чейинки өнүгүшү туура берилендигин жана 1918-1924-жылдардагы акын-жазуучуларыбыздын ысымдарынын биринчи жолу аталышы «тарыхтын» башкы артыкчылыгы– деп белгилейт даадабиятчынын кемчилдиктери катары төмөндөгүлөрдү көрсөткөн: 1. Киришүү талапка ылайык жазылбай калган, кайталоолор көп. 2.Адабиятчынын мезгилдештирүү принциби туура бөлүштүрүлгөн эмес, орус адабиятындагы мезгилдештирүүгө үндөшөт. 3. 60-70-жылдарда жазылган поэмалардын ичинен С.Эралиевдин “Жылдыздарга саякат”, С.Жусуевдин “Тирүүлөргө”, М.Абылкасымованы “Эстелик сүйлөйт” чыгармалары аталбай калган. Ошондой эле окуу китебинде көп учурларда жазуучулардын чыгармаларынын көркөм эстетикалык табиятына терең анализ берилбей калгандыгын да сынга алган.

Сынчы С.Кармышаков «Качкынбай Артыкбаевдин илимий-сынчылык ишмердиги» деген монографиясында, автор К.Артыкбаевдин окуу китебинде 80-жылдарга чейинки кыргыз адабиятынын өнүгүү жолдорун жаңыча мезгилдештиргенин жана материалдарды окуу китебинин статусуна ылайык жалпылаштырганын китептин жетишкендиги катары көрсөткөн. Биздин көз карашыбызда К.Артыкбаевдин окуу китеби өзүнүн камтыганматериалынын байлыгы, жаңылыгы,жаңы портреттерди киргизүүсү боюнча ЖОЖдор үчүн жазылган окуу китептеринин шарттарына толук жооп

берген алгачкы окуу китеби. Албетте, окуу китебинде А.Эркебаев белгилеген кемчиликтер да жок эмес. Айрыкча белгилүү акындар С.Жусуев, С.Эралиев, М.Абылкасымовалардын идеялык-көркөмдүк дэңгээли абдан жогору, жаңычыл чыгармаларынын китепке кирбей калышы китептин жалпы мазмунуна терс таасирин тийгизбей койбойт. Автор бул кемчилигин эске алып,окуу китебин толуктап, 2004-жылы «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы" деген ат менен экинчи жолу жарыкка чыгарды. Китеп акын-жазуучулардын чыгармачылыгы боюнча 31 портреттик бөлүмдү камтыган жана адабий фактыларды мезгилдин талабына жараша иликтөөгө алган мурдагы окуу китебин толуктап, байыткан барандуу эмгек болуп калды.

Дагы бир окумуштуу К. Иманалиевдин «Кыргыз совет адабияты» (1988) окуу китеби педагогикалык орто окуу жайларынын окуучулары үчүн жазылган. Бул окуу китебин жазууда К.Артыкбаевдин «Тарыхы» жетекчиликке алынганы ачык эле байкалат. Окумуштуу бул туурасында өзү да эскерип кетет. Андагы обзордук бөлүмдөр К. Артыкбаевдин тарыхына окшош жазылган, эч кандай өзгөрүү жок. Балким бул окуу китебине коюлуучу талаптардын окшоштугу менен түшүндүрүлөт [Иманалиев, К. Кыргыз совет адабияты Текст] / К.Иманалиев.– Фрунзе, 1988. – 1-бөлүм6-б. ] деген.

**Жыйынтыктап айтканда**, жогоруда сөз кылган мезгилдерде кыргыз филологиясында окумуштуулардын саны көбөйүп, атайын академиялык даярдыктардан өткөн, адистешкен адабиятчылардын илимге келиши менен кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөө ишинде ийгиликтүү иштер жасалган. Адабиятчылар Б.Керимжанова, К.Асаналиев, А.Садыков, К.Бобулов, Р.Кыдырбаева, Ш.Үмөталиев тарабынан бул жылдары акын-жазуучулардын чыгармачылыктарын монографиялык мүнөздө изилдениши да, «тарыхтын» жазылышына оң таасир эткен. Ошону менен бирге,адабияттын тигил же бул проблемасы боюнча фундаменталдуу изилдөөлөр да жарык көрдү. «Кыргыз совет адабиятынын очерки» (1960),«История киргизской советской литературы» (1970) аталышындагы эмгектер жарык көрүп, аларда кыргыз совет адабиятынын өнүгүшү жаңыча мезгилдештирилип, ар бир мезгилдеги адабий түрлөрдүн өнүгүшү жалпыланып, системалаштырылып каралган. Улуттук адабиятыбыз жөнүндөгү эмгектин орус тилинде чыгышы да өз учурунда эң маанилүү болгон. «К. Артыкбаевдин Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982), К. Иманалиевдин «Кыргыз адабияты» (1988) ЖОЖдордун студенттери үчүн жазылган окуу китептери да улуттук адабияттын тарыхын жазуудагы, окутуудагы жаңы багыт, аракеттер катары баалануучу татыктуу.

## Жыйынтык

Улуттук адабияттаануу илимибизде кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча 1940– 1980-жылдар аралыгында жазылган эмгектерди иликтөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылды.

1. Кыргыз адабиятынын жаралып, калыптанган алгачкы учуру т.а 20-30-жылдарда жетишилген ийгилик-кемчилдиктер тууралуу илимде алгач обзордук макалалар жарык көргөн. Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдө алгачкы кадамдарын таштаган А.Токомбаев, Т.Үмөталиев, Ө.Жакишев

М.Элебаев, К.Рахматуллиндер болушкан. Алардын макалалары илимий сыпаттама мүнөзүндө болуп, алгачкы акын-жазуучуларыбыздын чыгармаларындагы ийгилик, кемчилдиктерин талдоого аракеттер көрүлгөн. Бул макалалардын илимий-теориялык деңгээлдери жогору болбосо да алардын таанытуучулук вазипасы өз мезгили үчүн зор жана маанилүү болгон.

2. Улуттук адабияттаануу илимибизде 1940–50-жылдар аралыгында «Кыргыз адабиятынын очерктери» (1943) жарык көрүп, кыргыз окурмандарына чон сүйүнүч алып келген. Бул китепте кыргыз фольклору менен жазма адабиятыбыздын материалдары бирге каралып биринчи жолу илимий негизде иликтөө иши колго алынган. Эмгектин III бөлүмү гана профессионал адабиятка арналып, ал адабиятчы К.Рахматуллин тарабынан жазылганК. Рахматуллин ошол мезгилде акын-жазуучу катары коомчулукка кеңири таанылып калган А.Токомбаев, М.Токобаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, Т.Сыдыкбеков, Т.Үмөталиев сыяктуу акын-жазуучулардын чыгармачылыгына жана чыгармаларына токтолуп, алардын чыгармаларынын негизгилерине биринчилерден болуп адабий анализ жүргүзүп, пикир айткан.

3.1960 – 1970-жылдарда кыргыз адабиятынын тарыхы, анын теориялык жана илимий маселелери, жанрлардын өнүгүү процесси, жеке жазуучулардын чыгармачылык лабораториясы изилденип, кыргыз адабият илими жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлгөн. Бул жылдары атайын адистик даярдыгы бар профессионал адабиятчылар К.Асаналиев, А.Садыков, М.Борбугулов Б.Керимжанова, Ш.Үмөталиев, Б. Маленов, К.Укаев, М.Борбугулов, К.Бобулов, Е.Озмитель, С.Жигитов, К.Артыкбаев, М.Түлөкабылов жана башкалар тарабынан очерк, монографиялык эмгектер жазылган. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очерктери» (1960), орус тилинде «История киргизской советской литературы”. (1970) деген эмгектердин жарыкка чыгышы менен кыргыз адабиятынын тарыхын системалуу, концептуалдуу изилдөө иши башталып, жарык көргөн эмгектерге карата учурунда оң, терс көз караштагы сындар айтылып, коомчулукта илимий талкуулар жаралган.

“Очерктин” обзордук бөлүмүн жазган Ж.Таштемиров тарыхта биринчи жолу «Балдар адабияты» жана «Адабий сын» деген бөлүмдөрү киргизген. «Очеркте» 10 жазуучунун портрети берилген. «История киргизской советской литературы” (1970) атуу китебиндеги обзордук бөлүмдү окумуштуу Б. Керимжанова жазган.Бул бөлүм илимий-теориялык жогорку деңгээлде жазылган десек болот. Аталган эки тарыхты салыштырып караганыбызда жазуучулардын чыгармачылык портреттерин берүүдөгү жалпылыктар жана айырмачылыктар бар экенин көрдүк

«История киргизской советской литературы” (1970) китебинде 6 гана жазуучунун портрети берилет. Алар, А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, А.Осмонов, Ч.Айтматов жана Кыргызстанда жашаган дунган элинин көрүнүктүү өкүлдөрү,акындар Ясыр Шивазанын, М.Сушанлонун өмүрү

чыгармачылыгы биринчи жолу изилденгендиги менен айырмаланып турат.

4. 1980-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча ЖОЖдордун филология факультеттеринин студенттери үчүн адабиятчы К.Артыкбаев жеке өзү «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982) окуу китебин жазат.Анда жазма профессионал адабияттын башатында К.Тыныстанов, А.Токомбаевдер менен бир катарда М.Түлөкабылов, О.Элепесов, Б.Калпаков, И.Кудайбергенов, З.Элепесова, С.Карачевдин ысымдары тура тургандыгына К.Артыкбаев адабияттын тарыхчысы катары 1-жолу көңүл буруп, алардын чыгармалармачылыктары боюнча сөз кылат.К.Артыкбаевдин «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982) китебинде 19 портрет берилет.Акын-жазуучулардын кыргыз адабиятындагы ээлеген орду, салмактары боюнча да олуттуу пикир айтылган.Ал окуу китебинин талаптарына жооп берген, ЖОЖдордун филология факультеттеринин окуу программасына ылайык жазылган.Ушул окуу китебинин үлгүсүндө жана негизинде К.Иманалиевдин "Кыргыз совет адабияты" аталышында орто окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеби жарык көргөн(1988).

5. Жогорку аталган эмгектер бири-бирин толуктап, байытып турган эң баалуу эмгектер десек болот. Бул эмгектер кыргыз адабиятынын тарыхын жаңы илимий деңгээлде мындан кийинки иликтөөлөргө көптөгөн жылдар бою кызмат кылат жана мыкты илимий-теориялык, практикалык-методологиялык жана методикалык таяныч болуп берет деп ойлойбуз.

**Практикалык сунуштар**

Бир диссертациялык изилдөөлөрдө кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча бардык эмгектерди толук жана ар тараптуу анализдеп чыгуу мүмкүн эмес. Келечекте бул багыттагы иштерди өркүндөтүп алдыга жылдыруу үчүн төмөндөгү багыттагы иштерди жүргүзүү сунушталат:

1.Кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча жаңы жазылган илимий изилдөө эмгектеринин кийинки мезгилдеги өнүгүүсүн изилдөө.

2.1980-жылдардан азыры мезгилге чейинки кыргыз адабиятынын өнүгүү этаптарын изилдөөгө багытталган жаны изилдөө иштерин жүргүзүү керек.

**Изилдөөнүн негизги азмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылды:**

1**. Сагидаева,С. А.** Кыргыз адабиятынын тарыхына арналган эмгектер тууралуу [Текст] / С.А Сагидаева //КУУнун Жарчысы. Выпуск 2.– Бишкек, –1996. –216-223-бб.

2. **Сагидаева,С.А.** Портреттик материалдардын ортосундагы айырмачылыктар [Текст]/ С.А Сагидаева // КУУнун Жарчысы. Выпуск 2.– Бишкек, –1997. –97-104-бб.

3. **Сагидаева, С.А.** Нукура тарыхый-адабий чындык туура изилдөөдөн жаралат [Текст]/ С.А Сагидаева / Китепте: К.Сартбаев – окумуштуу-педагог. – Бишкек, – 2002. –178-182-бб.

4**. Сагидаева, С.А.** "Кыргыз адабиятынын очерктери" жана андагы

профессионал адабияттын тарыхына байланыштуу бөлүм тууралуу [Текст]/ С.А Сагидаева /Китепте: Философские и правовые проблемы. Институт философии и права НАН КР. – Бишкек, – 2003. С –70-83.
5. **Сагидаева, С.А** Профессионал адабиятты изилдөөдөгү алгачкы саамалыктар. Китепте: Бектурсун Алымов: [Текст]/ С.А Сагидаева Китепте: Бектурсун Алымов:/Жыйнак. – Бишкек, – 2003. –352-358-бб.
6. **Сагидаева, С.А.** Кыргыз совет адабиятындагы обзордук материалдар тууралуу [Текст]/ С.А Сагидаева // К.Тыныстанов атындагы МУнун илимий-практикалык басылмасы. Кыргыз тили жана адабияты,– Каракол. –2011. – 178 – 183-бб.(биринчи макала)
7. **Сагидаева, С.А.**Кыргыз совет адабиятындагы обзордук материалдар тууралуу [Текст]/С.А Сагидаева // К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл МУнун илимий-практикалык басылмасы. Кыргыз тили жана адабияты, – Каракол. –2011.– 183 – 188-бб.(экинчи макала)
8. **Сагидаева,С.А.** Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгынын кыргыз адабиятынын тарыхында изилдениши [Текст]/ С.А Сагидаева //Ж.Баласагын атындагы КУУнин Жарчысы Гуманитарные науки. Выпуск 1.– Бишкек.– 2012.– 40-43-бб.
9. **Сагидаева, С.А.** Кыргыз адабиятынын тарыхы тактыкты талап кылат. [Текст]/ С.А Сагидаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. (атайын чыгарылыш).– Бишкек.–2015. – 89-95-бб.
10. **Сагидаева, С.А.** К.Бобуловдун “Кыргыз прозасында реализмди өнүктүрүүнүн жолдору” аттуу эмгеги тууралуу [Текст]/ С.А Сагидаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. (атайын чыгарылыш).– Бишкек.– 2015.– 156-163-бб.
11. **Сагидаева, С.А.** О книге “Очерки кыргызской литературы (1943), а также о ее разделе имеюшем отношение к истории профессиональной литературы [Текст]/ С.А Сагидаева // Наука и образование: новое время. – Чувашия.Чебоксары.–2018–95-103стр.–https:elibrary.ru/item.asp.id=35556953
12. **Сагидаева, С.А.** Объективные и негативные явления в исследовании литературного процесса 60-х и 70-х годов [Текст]/ С.А Сагидаева // Наука и образование: новое время. – Чувашия. Чебоксары.– 2018.–73-77 стр.https:elibrary.ru/item.asp.id=29786265
13. **Сагидаева, С.А.** XX кылымдын 1-жарымындагы кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү маселелер (“Кыргыз совет адабиятынын очерктеринин материалдарында) [Текст]/ С.А Сагидаева // “Национальные лингвосферы сопредельные зоны партнерства” (Ч.Т.Айтматова).– Бишкек.– 24 – 26 октября 2018 г. –2018.–59-66-бб. https:elibrary.ru/item.asp?id=37114939

**Сагидаева Салтанат Ариповнанын «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40 – 80-жылдар) деген темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

**РЕЗЮМЕСИ**


**Түйүндүү сөздөр:** адабият тарыхы, адабияттаануу, профессионалдык жазма адабият, обзордук талдоо, адабияттагы жаңычылдык, адабияттын өнүгүү тенденциясы, илимий корутундулар, адабий феномен, академиялык тарых, көркөм котормо, адабий сын.

**Изилдөөнүн объектиси: Кыргыз адабиятынын тарыхынын** 1940–1980-жылдар аралыгында изилдениш этаптары. Бул жылдары жазылып, жарык көргөн эмгектердин коом, илим үчүн маанисин, эмгектердин тарыхый өнүгүш эволюциясын талдоо аркылуу булардагы жаңычылдыктар менен бирге мүчүлүш жактарын илимий негизде аныктап, тактап, ал эмгектердин улуттук адабияттаануу илимибиздеги ордун тастыктоодо турат.

**Изилдөөнүн максаты**: XX кылымдын 40–80-жылдары аралыгындагы кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхын изилдөөгө арналып жазылып, китеп болуп чыккан илимий эмгектерди системалуу, концептуалдуу изилдөө жана алардын адабият илимине кошкон салымына объективдүү баа берүү

**Изилдөөнүн методдору:** Кыргыз адабиятынын тарыхынын тажрыйбаларын изилдөөдө тарыхый-салыштырма, диахрондук жана синхрондук ыкмалар колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар жана анын жаңычылдыгы:**Биринчи жолу 40-80-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхына арналган адабий изилдөөлөрдөгү адабияттын өнүгүү тенденцияларын, анын калыптануу процессиндеги өзгөрүүлөрүн баалап, системалуу анализ жасоого аракет жасалды. Ушул маселелер боюнча чыгарылган илимий тыянактар изилдөөнүн илимий жаңылыгын түздү.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Кыргыз адабиятынын тарыхын окуп үйрөнүүдө, окуу программалары менен окуу китептеринин мазмунун жаңылоодо колдонууга сунуш кылынат.

**Колдонуу чөйрөсү**: ЖОЖдордун филологиялык факультеттеринде студенттер үчүн кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча лекциялык материалдарды даярдоодо, кыргыз адабиятынын тарыхы окуу китептерин, мектептер үчүн окуу куралдарын жазууда негизги булактардын бири, таяныч материалы катары пайдаланылат. Изилдөө ошондой эле улуттук адабиятыбыздын тарыхына кызыккан көптөгөн окурмандардын адабий түшүнүгүн байытууга да өз салымын кошо алат.

# РЕЗЮМЕ

**Диссертационной работы СагидаевойСалтанатАриповны«Этапы изучения истории кыргызской литературы» (40-80-годах) на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01 – кыргызская литература**

**Ключевые слова**: история литературы, литературоведение, профессиональная письменная литература, обзорный анализ, новаторство в литературе, тенденция развития литературы**,** литературный феномен, академическая история, художественный перевод, литературная критика.

**Объект работы:** Определение значения работ по истории кыргызской литературы 1940-1980-х годов для развития литературы и кыргызского литературоведения.Анализ эволюции выявление ее достижений и недостатков создали научную основу для определения места этих трудов в кыргызском литературоведении.

**Цель исследования:** Анализ научных трудов, посвященных исследованиям истории кыргызской профессиональной письменной литературы 40-80-х гг. XX века, выделение достижений и недостатков этих трудов и определение их вклада в развитие кыргызского литературоведения.

**Методы исследования:** При исследовании истории кыргызской литературы были использованы историко-сравнительный, диахронный синхронный методы.

**Результаты исследования и научная новизна исследования:**.Впервые предпринята попытка дать системный анализ исследованиям по литературоведению,посвященных истории кыргызской литературы 1940–1980-х гг., выявить тенденций их развития, достижения и недостатки. Сделанные на основе этого выводы составляют научную новизну исследования.

**Предложения по использованию:** Результаты работы могут быть использованы при изучении истории кыргызской литературы, а также при обновлении и переработке учебных программ и учебников**.**

**Сфера применения:** Материалы диссертации и её итоги могут пополнить историю и теорию кыргызской литературы, могут быть использованы преподавателями высших учебных заведений при подготовке специалистов по филологии, а также при работе со старшеклассниками.

## RESUME

**For the dissertation thesis of SagidaevaSaltanatAripovna**
**«The stages research the history of the Kygyz literature » (1940-1980 years) completion for the degree of candidate of philological Science in speciality10.01.01-Kyrgyz literature**

**Key words:**history of literature, literary studies, professional written literature, review analysis, innovation in literature, literature development trend, literary phenomenon, academic history, literary tanstation, literary criticism.

**Object of study:** Determination of the value of the history of Kyrgyz literature 1940-1980 years to literature, society, science, and by analyzing the allocation of historical evolution of development together with the identification of achievements and their shortcomings made up the scientific has is for the definition of the place of these works in the Kyrgyz literary criticism**.**

**Purpose of the work:** Provide an objective analysis of scientific papers dedicated to the study of the history of the Kyrgyz professional written literature 40-80nyears. XX century, highlight the achievements and shortcomings of these works and determinetheircontutution to the development of scientific thought in the literary study.

**Research methods:**in the study of the history of the KygyzRupublic literature of historical experience were used historical-comprative? Diachronic and synchronous methods.

**Study results and scientific novelty:**Based on the latest achievements of Kyrgyz and world literary studies for the first time. This study provides a scientific assessment of scientific and theoretical research and determines there plase in art culture. For the first time. A attempt is made togive a sistematic analysis. Of literaty studies devoted to the history of the Kyrgyz literature jf the 1940-1980s, in defermining the trends of their development, identifying short comings during the formotion and different views on them, the scientific conclusions of these issues amounted to scientific novelty of the study /

**Suggestions on the use:**The results of the work can be used in the study of the history of Kyrgyz literature, as will as in the updating and processing of curricula and textbooks. **Application field:** The materials of thes is and its results are designed to supplement the history and theory of Kyrgyz literature, can be used by teachers of ligher education in the trainingof specialists philology, as well as working with high hool students.